*Токторов Э.С., Орозов Ж.Ж.*

# КЫЛМЫШКА КВАЛИФИКАЦИЯ БЕРҮҮДӨ МЫЙЗАМДАРДЫ КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Токторов Э.С., Орозов Ж.Ж.*

# ОСОБЕННОСТИ ПРИМЕНЕНИЯ ЗАКОНОВ ПРИ КВАЛИФИКАЦИИ ПРЕСТУПЛЕНИЙ

*E.S., Toctorov, J.J. Orozov*

# FEATURES APPLICATION OF THE LAW IN THE QUALIFICATION OF CRIMES

*УДК:343*

*Бул макалада кылмыш-жаза укугунун актуалдуу суроолорун карайт. Кылмыш-жаза укугунун азыркы учурдагы коомдун жана мыйзамдардын жакшыртылышы үчүн иштеп чыгуу сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *квалификация, кылмыш, мыйзам Кыргыз Республикасы.*

*Эта статья рассматривает актуальные вопросы уголовного права. Разработка и предложение для улучшения уголовного права в соответствии с нынешними законами и требованиями общества.*

***Ключевые слова:*** *квалификация, преступление, закон, Кыргызская Республика.*

*This article considers topical issues of criminal law. Develop and propose to improve the criminal law in accordance with the current laws and regulations of the society.*

***Key words:*** *qualification, crime, law, Kyrgyz Republic.*

Кыргыз Республикасындагы кылмыш-жаза мыйзамынын ченемдерин пайдалануу – татаал жана көп кырдуу процесс. Бул көрүнүш кылмыш-жаза ченемдери түрдүү мүнөзгө ээ болгондугу менен байланыштуу. Мисалга, кылмыш-укуктук ченемдердин жалпы бөлүгү өзүнүн мазмуну боюнча кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн ченемдеринен өзүнө тийиштүү өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат.

Мурунку мезгилде кылмыш укугунун теориясындагы кээ бир стадияларындагы кылмыш-укуктук ченемдердин колдонулушу атайын аттар менен белгиленген:

Кылмыш-жаза мыйзамынын түшүндүрмөсү, кылмыш-жаза мыйзамынын убакыт жана мейкиндик ичиндеги аракеттерин белгилөө, кылмыштын квалификациясы, жазалоону белгилөө, кылмыш-жаза жоопкерчилиги менен жазадан бошотуу, соттолгондугу тууралуу маалыматтарды алып салуу ж.б.

Ар бир практик кызматкер – юрист күн сайын өзүнүн ишмердүүлүгүндө конкреттүү турмуштук жагдайга жараша мыйзамдар менен башка ченемдик актыларды колдонуу зарылчылдыгын өз башынан өткөрүп турат. Бул коюлган милдетти ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн атайын даярдыктан өтүү талап этилет, белгилүү чендеги турмуштук тажрыйба, укуктук ченемдерди колдонуунун ыкмалары менен методдорун билүү сыяктуу[7].

Теориялык окутуу процесси менен студент-юристтерди практикалык ишмердүүлүккө даярдоодогу эң маанилүү милдеттердин бири, аларды укуктун ченемдеринин илимий негиздерин колдонуу аркылуу тааныштыруу болуп саналат.

Учурда даярдалып жаткан окуу китеби (же окуулук) кылмыштын квалификациясынын кылмыш-укуктук ченемдерин колдонуудагы негизги этаптарынын бирин кароого арналган. Бул укуктуулукту колдонуунун түрүнүн ишмердүүлүгү бүткүл мамлекеттик кылмыш-жаза мыйзамын колдонуу процессинде өзгөчө орунду ээлейт. Кылмыштын квалификациясы жүзөгө ашырылгандан кийин гана күнөөкөргө тигил, же бул жазанын түрлөрүн ыйгарууга байланыштуу маселелерди коюуга жана аларды чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, соттолгон жакка тигил же бул эмгек-түзөтүү колониясынын режимине жазалоону аткаруунун мөөнөтүн узартуу жөнүндөгү көрсөтмөлөрдү чечип алууга, мүмкүндүк болот.

Кылмыштын квалификациясынын түшүнүгү укуктун түрдүү тармактарында байма-бай кездешүүчү түшүнүк. Бул түшүнүк өзгөчө көбүрөөк төмөнкү тармактарда кездешет: кылмыш укугунда, жазык процессинде, криминологияда, криминалистикада, соттук статистикада. Бирок, бул проблеманын илимий иштелип чыгарылышы кылмыш-жаза укугунун жалпы бөлүгүнүн курсунда жүзөгө ашырылган.

Кылмыштын квалификациясына тийиштүү маселелер өтө маанилүү практикалык мүнөзгө ээ. Кылмыштын квалификациясынын проблемалары тергөөчүдө, прокурордо соттордо адвокаттарда ар бир кылмыш ишине тийиштүү түрдө пайда болуп туруучу көрүнүш. Кылмыштын квалификациясы тергөө жүргүзүү стадиясы учурунда жана ар бир кылмыш ишинин соттук териштирүү учурунда болсун тийиштүү кызмат ордун ээлеген жактар тарабынан жүзөгө ашырылышы зарыл[8]. Бул маселе биринчи орундагы маанилүү экендиги кылмыш

[7] *Ляпунов Ю.* Состав преступления: гносеологический и социально-правовой аспекты // Уголовное право. 2005. № 5. 44–48-беттер.

[8] *Кудрявцев В.Н.* Теоретические основы квалификации преступлений. М., 1972. С. 7–8..

иштерине байланыштуу кассациялык жана көзөмөл өндүрүшүнүн практикасында белгилүү болуп жатат.

Кылмышка туура баа берүүнүн маселелерине Жогорку Сот жана тийиштүү органдардын пленумдары тарабынан кабыл алынган токтомдорун жетекчиликке алууда жана кээ бир кылмыш иштеринин жыйынтыктарын чыгарууда өтө чоң маани берилет.

Кылмыш-жаза укугу илиминде кылмыштын квалификациясы эки аспект аркылуу каралып келинген. Биринчиден, кээ бир кылмыш категорияларынын квалификациясынын маселелери төмөндөгүчө таанып билинген: менчикке каршы кылмыштардын квалификациясы, адамдын кадыр-баркына каршы кылмыштардын квалификациясы, транспорттук кылмыштардын квалификациясы ж.б. Аталган проблемалар жеткиликтүү деңгээлде бир канча илимпоздор тарабынан изилденип, бир катар монографиялар менен илимий макалаларда жарык көргөн. Экинчиден, кылмыштын бардык категорияларына квалификация берүүдө колдонулуучу жана жалпы принциптер менен методдорго арналган изилдөөлөргө байланыштуу илимий иштер бар[9]. Кылмыштын квалификациясына илимий негизде баа берип жана аны иштеп чыгууда өтө чоң салым кошкон илимпоз катары В.Н. Кудрявцевдин атын атоого болот, бул илимпоз тарабынан 1963-жыл жана 1972-жылдары[10] жарык көргөн эки көлөмдүү монографияны атап кетүүгө болот. Акыркы жылдары укук бузууларга укуктук квалификацияны жөнгө салуу процессинде логикалык методдорду пайдалануунун проблемалары интенсивдүү түрдөгү изилдөөлөргө дуушар болууда. Даярдалып жаткан окуу куралынын (же окуу китебинин) авторунун пикири боюнча, бул проблема өз алдынча проблема катары каралышы зарыл жана ал окуу процессиндеги “Логика” курсунда гана окутулушу мүмкүн.

Окумуштуулардын кылмыштын квалификациясындагы жалпы жана атайын проблемаларга тийиштүү изилдөөлөрүүнүн натыйжалары криминалистика циклындагы атайын дисциплина боюнча өткөрүлүүчү “Кылмышка квалификация берүүнүн илимий негиздери” атайын курсту окуп жаткан студенттерге чоң жардамын тийгизген. Азыркы мезгилдеги министрлик тарабынан бекитилген бардык университеттер менен юридикалык институттардын типтүү окуу пландарындагы кылмыштын квалификациясынын теориялык негиздерин окуп үйрөнүүнү тандап алышкан соттук-прокурордук адистикте студенттер үчүн сөзсүз түрдөгү атайын курс катары окутулат. Жогорку юридикалык билим берүүчү окуу жайларындагы окуу пландарына белгиленген илимий дисциплинанын киргизилишинин максаттуулугунун далили катары, бул атайын курстун мазмунун көптөгөн университеттеринин юридикалык институттарынын көп жылдык иш тажрыйбаларынын натыйжалары катары эсептөөгө болот.

Кылмыштардын квалификациясы - өтө кыймылдуу процесс, ал кылмыш ишине байланыштуу өндүрүштүн ар түрдүү этаптарында белгиленгендиги өзгөчөлүктөргө ээ процесс. Бул жөнүндө жалпы формасы боюнча төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот ал мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жазык процессинин түрдүү стадияларындагы кылмыш ишине квалификациялоону жүзөгө ашыруу менен, алар «билбеймин түшүнүгүнөн, толук деңгээлдеги билемин түшүнүгүнө келишет». Мисалы, кылмыш ишин козгоо мезгилинде кылмыш жасалгандыгы жөнүндөгү зарыл болгон маалыматтардын көлөмү көпчүлүк учурда минималдуулук менен гана чектелип калып жатат.

Кылмышты изилдөөнүн терендигине жараша конкреттүү фактылардын көлөмү менен саны өсүп барат жана күнөөгө жараша тыянак түзүү үчүн тергөө органдары кылмышка тийиштүү зарыл болгон бардык маанилүү жана фактылык маалыматтарга ээ болуусу шарт.

Жазык процессинин түрдүү стадияларындагы кылмыштын квалификациясы жөнүндө сөз баштоодон мурда, бир көйгөйлүү көрүнүштү эске алганыбыз оң болот, ал кылмышка толук укуктук баа берүү жана так, толук реалдуу мүмкүнчүлүктөр менен камсыздоодо тергөөчүнүн тергөө иштеринин алгачкы этабындагы мүмкүнчүлүктөрү өтө эле чектелүү. Көпчүлүк мезгилдерде жасалган кылмыштын жагдайларын аныктоодо эле чектелүү. Көпчүлүк мезгилдерде жасалган кылмыштын жагдайларын аныктоодо жана күнөөлөрдү моюнга коюу учурунда, жаңы фактылардын пайда болушу менен кылмыштын укуктук мүнөзү өзгөртүүлөргө дуушар болот да, бул процессти кайрадан баштоо үчүн узак жана татаал жол башталат.

Кылмыш ишин козгоо стадиясындагы кылмыштын укуктук квалификациясы бар болгону алдын алуучулук, багыт алуучулук гана мүнөзгө ээ болот, ал эми тергөө өндүрүшүнүн жыйынтыктоочу стадиясында кылмыштын квалификациясы максималдуу түрдө толук жана туура болушу зарыл. Кылмыштын квалификациясын жүзөгө ашыруучу жана тергөө жүргүзүүнүн көз карашы боюнча, бул квалификация абсолюттук чындыктын мүнөзүнө ээ болушу зарыл, башкача айтканда бул укуктук баа берүү жападан-жалгыз чындыкка ээ болуп, кандайдыр бир альтернативдик кошумчалардан алыс болгондугу менен айырмаланып турушу керек. Бирок, тергөө органдарынын алдын-ала жүргүзгөн тергөө амалдарынын практикалык материалдары көрсөтүп тургандай, көптөгөн кылмыш иштеринин материалдарына сот тарабынан кылмыш-жаза кодексинин беренелерине таянып, аргасыздан кылмыш иштерин кайрадан квалификациялоого аргасыз болууда, анын себебин көпчүлүк кылмыш иштеринин квалификациясы көп деле оор эмес деген беренеге ылайык келип калгандыгында болуп жаткандыгы. Көпчүлүк учурларда тергөө амалдарын жүргүзгөн органдардын иш-ара-

[9] Уголовное право России. Общая часть. Классический университетский учебник. М., 2005. С. 136.

[10] *Кудрявцев В.Н.* Теоретические основы квалификации преступлений. М., 1972. С. 11-12..

кеттерин кайра карап чыгуусун суранып жактоочулар кайрылышын, бул кайрылуулар сот тарабынан канааттандырылып жаткандыгына күбө болуудабыз.[11]

Ошентип тергөөчү тарабынан берилген, прокурор тарабынан бекитилген тигил, же бул кылмыш-укуктук ченемдерди квалификациялоо, кылмышка жараша укуктуулуктун алдын-ала берилген баасы. Жазык-процессуалдык мыйзамы мындай түрдөгү келечекти эске алуу менен, бул иштерге маани берүү менен карайт жана жазык процессинин түрдүү стадияларындагы кылмышка кайра квалификация берүүнүн аныкталган процессуалдык тартибин орнотот. Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн бул тарабын так мыйзамдуулук менен жөнгө салуунун жолдору төмөнкү шарттардан көз каранды: кылмыш иштерин тергөө мезгилиндеги жана соттоо мезгилиндеги укуктардын сакталышын камсыздоо; тергөөнүн көп кырдуулугун эске алуу; кылмышты жасоого барган учурда коргоо көрсөтүүдөгү укуктарын сактоонун өз убагында бүткөрүүнү уюштуруу жана башка көптөгөн кылмыш иштеринин ар бирине акыйкаттуу чечим чыгарылышына кепилдик берүү, сөзсүз түрдө мыйзамдуулукту кынтыксыз сактоонун зарылдыгынан келип чыккан.

Тергөөчү жана сот тарабынан жүргүзүлгөн кылмыштын квалификациясы белгилүү чендеги логикалык процесс катары карап чыгуу, мамлекеттик органдардын жогоруда белгиленген маанилүү деп саналган ишмердүүлүктөрүн туура мыйзамдуулук менен жүзөгө ашырууну камсыздоо үчүн белгилүү чендеги методологиялык негиздер менен логикалык жана техника-юридикалык ыкмаларын аныктоодо шарттар менен өбөлгөлөрдү орнотууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет.

Албетте, тергөөчү, прокурор жана сот кылмышка укуктук квалификация ыйгарууда, бул көрүнүш байма-бай учурап турат, көпчүлүк учурда, алар тарабынан жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүктөрдүн ой жүгүртүүчүлүк процесси белгилүү чендеги логикалык мыйзамдардын колдонулуп жүргөн, белгилүү техникалык-юридикалык ыкмалардын негизинде өткөрүлөрүнө толук маани бербей келишкен.

Бул мыйзам ченемдүү жана түшүндүрүүгө мүмкүн көрүнүш анткени бул учурда белгилүү даражадагы юристтин кесиптик даярдыгы менен тажрыйбасы билинет.

Квалификациясы жогорку юристтин ой жүгүртүүсүнүн калыптанышынын процесси бара-бара атайын укуктук дисциплиналарды терең окуп үйрөнүүнүн жана турмуштук, кесиптик базаларга таянып жүргүзүлөт. Адис кылмыш боюнча мыйзамдуу-укуктук квалификацияны ыкчам жана туура жүзөгө ашыруусу жана анын руханий жана кесиптик даярдыгынын деңгээлин калыптануусу үчүн анын узак жана камыгып чарчоону билбеген жолду басып өтүү зарыл.[12] Бул багыттагы иш аракеттерге белгилүү чендеги студентти – келечектеги юристке кылмыштын укуктук квалификациясынын илимий негиздери менен ыкмаларын терең окуп-үйрөнүү зарыл.

2. Кылмыштын квалификациясынын түшүнүгү, тергөөчү, прокурор же болбосо сот тарабынан жүргүзүлгөн ишмердүүлүгүнүн белгилүү чендеги жыйынтыгы катары каралып, белгилүү бир жак тарабынан жүргүзүлгөн кылмышка болгон укуктук баа берүү болуп эсептелинет.

**Адабияттар жана ченемдик актылар:**

1. *Ляпунов Ю*. Состав преступления: гносеологический и социально-правовой аспекты // Уголовное право. 2005. № 5. 44–48 беттер.
2. *Кудрявцев В.Н*. Теоретические основы квалификации преступлений. М., 1972. С. 7–8..
3. Уголовное право России. Общая часть. Классический университетский учеб. М., 2005. С. 136.
4. *Кудрявцев В.Н*. Теоретические основы квалификации преступлений. М., 1972. С. 11-12..
5. *Корнеева А.В*. Теоретические основы квалификации преступлений: Учеб. пособие. М., 2006. С. 65.

**Рецензент: д.ю.н., профессор Осмоналиев К.М.**

[11] *Корнеева А.В*. Теоретические основы квалификации преступлений: Учебное пособие. М., 2006. С. 32.

[12] *Корнеева А.В*. Теоретические основы квалификации преступлений: Учебное пособие. М., 2006. С. 65.